КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл 12-сентябрь №5** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айыл аймагында жайгашкан "Жики" суугат каналын айыл окмотүнүн муниципалдык менчигине алуу жөнүндө.**

Боо-Терек айыл аймагында жайгашкан "Жики" суугат каналын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу максатында, Боо-Терек айылдык Кенешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXVIII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Окмотүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы "Кыргызмамжердолбоорлоо" жерге жайгаштыруу мамлекеттик долбоорлоо институтунун Мамлекеттик ишканасынын алдындагы Талас жерге жайгаштыруу экспедициясынан тиешелүү иш кагаздарын алуу жагы айыл өкмотүнүн башчысына милдеттендирилсин.

2. Айыл окмотүнүн башчысы, айыл аймагында жайгашкан "Жики" суугат каналын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу үчүн, Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына кайрылып мамлекеттик АКТысын жасатып бүтүрсүн.

3. Айыл окмотүнүн каржы экономикалык болүмүнүн башчысы, айыл окмотүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына акча каражатын которуу жагын камсыздасын.

4. **"Жики" суугат каналынын узун туурасын аныктап ченөө, каналга караштуу жер тилкелеринин аянтын кылдаттык менен чыгаруу,** токтомдун аткарылышын камсыздоо жана ошондой эле тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмотүнүн башчысына жана айыл окмотүнүн жерге жайгаштыруу жана айыл-чарба боюнча башкы адисине милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын козөмолдоө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын "Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Торага** **Мамыралиев А.**